Математика жана информациялык технологиялар факультетинин ПОВ(б)-1-16 тайпасынын кураторду к саатынын

# №2 ПРОТОКОЛУ

*28-октябрь, 2019-жыл.*

*Куратор:* Н. Абдирайимова
*Катчы:* Д. Исматиллаева
*Катышкандар*: ПОВ(б)-1-16 тайпасынын студенттери

*Күн тартиби:*

1. Студенттердин сабактарга катышуусун жана жетишкендиктерин көзөмөлдөө.
2. Студенттердин жана алардын ата-энелери боюнча маалыматтар базасын жаңылоо.
3. Ар түрдүү маселелер.

**4. Ар түрдүү маселелер**
2019-2020-окуу жылында ИЭТ багыттары боюнча “Негизги билим берүү программаларын” мазмунун талкуулоо.

*Н. Абдирайимова (куратор):* 2019-2020-окуу жылында ИЭТ багыты боюнча түзүлгөн НББПга иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин сунуштары боюнча жана өлкөбүздө 2019-жыл «Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы» деп жарыялангандыгына байланыштуу өзгөртүүлөрдү киргизилди. Тактап айтканда 4-максатка жана 12-13-окутуунун натыйжаларына өзгөртүүлөр киргизилди:

М4. Илимдин жана техниканын жаңылыктарын жана жетишкендиктерин колдонуу менен ишкана-мекемедеги эсептөө техникалары жана тармактар менен иштөөнү автоматташтырууга, интранет, интернет тармактарын эффективдүү колдонуу аркылуу берилгендер базасын түзүүгө жана колдонууга, электрондук продукция чыгарууга жана кирeше алууга, команда менен иштөөгө, өндүрүштөгү ар түрдүү татаал кырдаалдардан жана конфликтик абалдардан чыгымды азайтуу менен мыйзам чегинде чыга алууга жөндөмдүү болгон бүтүрүүчүлөрдү даярдоо. Илимдин жана техниканын жаңылыктарын пайдалануу менен региондорду өнүктүрүүгө жана санариптештирүүгө салым кошууга даярдоо.

ОН-12: Мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошуу ишмердүүлүгү: жигердүү атуулдук позицияда болууда, атуулдук демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалог жүргүзө билүүгө, экономикалык эффективдүүлүгү жогору болгон өндүрүмдөрдү (программаларды, программалык комплекстерди ж.б.) иштеп чыгууга жөндөмдүү. Региондорду өнүктүрүүрүүсүнө жана санариптештирүүсүнө салым кошууга жөндөмдүү ;

ОН-13: Электрондук маалыматтар дүйнөсүндө иштөө жөндөмдүүлүгү: ар кандай электрондук маалыматтарды түзө билүүгө, окуй алууга, колдоно билүүгө, интернет тармагы боюнча демократиялык баалуулуктардын негизинде диалог жүргүзүүгө жөндөмдүү; команданын курамында интранет, интернет тармактарындагы электрондук маалыматтарды иштете алууга жөндөмдүү. региондорду өнүктүрүүрүүсүнө жана санариптештирүүсүнө салым кошууга жөндөмдүү.

Биздин окуу-тарбиялык иштерибиздин баары НББПсынын негизинде жүргүзүлөт. Ошондуктан силер НББПдагы өзгөрүүлөрдү билүүңөр зарыл деп эсептейм.

Тайпанын студенттери куратор тарабынан НББПда жүргүзүлгөн өзгөрүүлөр боюнча маалыматтарды алышты.

Кеңешме маселени угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2019-2020-окуу жылында ИЭТ багыты боюнча түзүлгөн НББПда жүргүзүлгөн өзгөрүүлөр боюнча маалыматтарды алышты жана ал өзгөрүүлөр боюнча таанышып чыгышты.

*Куратор:* Н. Абдирайимова

*Катчы:* Д. Исматиллаева